УДК: 1(091)
DOI 10.33514/1694-7851-2022-3-427-431

**Догдурбек Назар**
ага окутуучусу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
**Догдурбек Назар**
старший преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
**Dogdurbek Nazar**
Senior Lecturer
Kyrgyz State University named after Arabaeva
**Бейшенова А.Т.**
филос. илим. док., проф. м.а.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
**Бейшенова А.Т.**
док. филос. наук, и.о. проф.
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
**Beishenova A.T.**
Doctor of Philosophy, Acting Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev

# КЫРГЫЗ КООМУНДАГЫ «СОЦИАЛДАШТЫРУУ» ЖАНА «СОЦИАЛДЫК ЖООПКЕРЧИЛИК» МАСЕЛЕЛЕРИ
# ПРОБЛЕМЫ «СОЦИАЛИЗАЦИИ» И «СОЦИАЛЬНОЙ ОТВЕТСТВЕННОСТИ» В КЫРГЫЗСКОМ ОБЩЕСТВЕ
# PROBLEMS OF «SOCIALIZATION» AND «SOCIAL RESPONSIBILITY» IN THE KYRGYZ SOCIETY

**Аннотация.** Макалада социалдаштыруу маселеси жана азыркы шартта мамлекеттин функциялары чектелип, жеке ишкерлердин ишмердүүлүгүнө жол ачылып турган системада ишкердиктин коом астындагы жоопкерчилигинин, социалдаштыруу процесстериндеги ролунун абдан актуалдуулугу белгиленет. Мындай коомдук мааниси жогору маселелерди социалдык-философиялык анализге алууга, категориялык аппаратын тактоого аракет жасалат. Коомдук өзгөрүүгө социалдаштыруу процесинин, социалдык жоопкеричиликтин (айрыкча жеке ишкерлердин) тийгизген таасири боюнча ой жүгүртүлүп, маселе белгилүү окумуштуулардын көз караштарын, теорияларын талдоонун негизинде изилденген.

**Аннотация.** В статье освещается проблема социализации и значение роли предпринимательства в процессах социализации в открытой системе. Подрчеркивается ее актуальность в нынешних условиях, когда ограничены многочисленные социальные функции государства и разрешена широкая деятельность частных предпринимателей. Эти проблемы были проанализированы социально-философской точки зрения, уточнены соответсвтующие понятия категориального аппарата данной проблемы. Рассмотрено влияние процесса социализации, социальной ответственности (особенно частных предпринимателей) на социальные изменения на основе анализа взглядов и теорий известных ученых.

**Annotation.** The article highlights the problem of socialization and the importance of the role of entrepreneurship in the processes of socialization in an open system. Its relevance is emphasized in the current conditions, when numerous social functions of the state are limited and extensive activities of private entrepreneurs are allowed. These problems were analyzed from a socio-philosophical point of view, the corresponding concepts of the categorical apparatus of this problem were clarified. The influence of the process of socialization, social

responsibility (especially private entrepreneurs) on social changes is considered based on the analysis of the views and theories of famous scientists.

**Негизги сөздөр:** өткөөл доор, коом, коомдук процесстер, социалдаштыруу, социалдык жоопкерчилик, жаштар, ишкерлердин коом астындагы жоопкерчилиги.

**Ключевые слова:** переходное общество, социальные процессы, социализация, социальная ответственность, молодежь, социальная ответственность предпринимателей.

**Keywords:** transitional society, social processes, socialization, social responsibility, youth, social responsibility of entrepreneurs.

Кыргыз Республикасында социалдык-экономикалык абал билим берүү системасынын өзгөрүүсүнө, социалдык ар түрдүүлүгүнүн өсүшүнө алып келип, калктын социалдык корголушу, жаштарды социалдаштыруу маселеси курч абалда экени белгилүү. Мындай маселелрди изилдеген окумуштуулар өз эмгектеринде [1], [2] улуттук-маданий фактордун ролунун жогорулашы, калктын социалдык коргоонун курч абалы, социалдаштыруунун илимий-практикалык мааниси, инсандын социалдашуу процессинин мааниси сыяктуу маселелерге көңүл буруп келишти. Мындай көйгөйлөрдүн актуалдуулугуна карабастан, бүгүнкү күнгө чейин кыргыз коомчулугундагы социалдык жоопкерчилик, жаштарды социалдаштыруу маселеси социалдык философиялык изилдөөлөрдүн предмети болгон эмес.

Адам дүйнөгө жаралып, көз ачкандан баштап социалдашуу процесси башталат жана ал өмүрүнүн акырына чейин уланат. Мындай көз караштан алып карасак, анда жаш муун коомдун ажырагыс бир мүчөсү, ошол себептен аны коомдон өзүнчө бөлүп кароо мүмкүн эмес, – деп бүтүм чыгарууга болот. Коомдук эрежелерди сактоо жана анын талабына ылайык келген ролду өздөштүрүү менен жаш муундар коомдо өз ордун табат. Башкача айтканда, социалдашуу деп – адам тарабынан ошол коомдогу маданий баалуулуктарды жана социалдык нормаларды (эрежелерди, талаптарды) өздөштүрүүсү аларды кайрадан жаратуусу жана ошол талаптардын чегинде коомдо жашай билиши эсептелет [3].

Социалдашуу деген латын тилинен «socialis»- деген сөздөн келип чыккан, ал коомдук дегенди билдирет. Социология илиминин негиздөөчүсү француз ойчулу О.Конт биринчилерден болуп «социалдашуу» деген терминди колдонууга киргизген жана коомду илимий негизде изилдөө керектиги жөнүндө милдетти алып чыккан [4].

Социалдашуу жөнүндө сөз кылып жатып, өсүп-өнүгүүнүн да ролун белгилеп кетүү керек, башкача айтанда, өсүп-өнүгүү жана социалдашууну карым катнашта кароо зарылдыгы бар. Өсүп өнүгүү адамдын табигый касиети болуп саналат. Адам баласы айлана чөйрөгө ылайыкташып, уюштурулбаган шарттар астында жана атайын табигый түрдөгү шарттардын таасири менен өнүгүп өсөт десек болот. Бирок атайын уюштурулбаган, табигый шарттар астында өсүп өнүгүү чектүү келип белгилүү бир деңгээлге жеткенде токтойт, ал эми атайын пландалган, уюштурулган таалим тарбиянын астында адам өнүгүүнүн улам кийинки дэңгээлине көтөрүлүп өнүгүп өсө берет.

Демек, өсүп–өнүгүү – бул адамдын жалпы табигый калыптанышы, ал эми социалдашуу – бул адамдын кандайдыр бир конкреттүү коомдук шарттардын таасири астында, ошол шартка карай ыңгайланышы десек болот.

Адамдын коомдук жашоо тиричилик эрежелерин өздөштүрүүсү, коомдук инсан катары калыптанышы, коомдогу өз ордун табышы анын коомго карата социалдашуусу же «коомдошуусу» аркылуу ишке ашат.

Коомдук илимдерге социалдашуу деген түшүнүк саясий экономикалык илиминен келип кирген. Анда социалдашууну өндүрүштүк каражаттардын коомдук феноменге айланышы деген маанини билдирет. Бул терминди адамга карата пайдаланууда алгачкы автордук америкалык социолог Ф.Г. Гиддингс таандык [5].

Адамдын социалдашуусу эки жагдайда карала тургандыгы белгилүү. Биринчи жагдайда социалдашуу процессинде адамга өтө пассивдүү орун берилип, ал эми социалдашуунун өзү адамдын коомго көнүгүүсү, ыңгайлануусу (адаптация) деп белгиленет. Социал-

дашуу бул жерде субъект – объектик мамиле катары каралат. Мындай көз караштын түпкү башаттарында француз окумуштуусу Эмиль Дюркгейм жана америкалык окумуштуусу Талкот Парсонс турат. Эмиль Дюркгейм кандай гана коом болбосун, ал коомдук түзүлүш адамдын ошо коомго тиешелүү универсалдык мүнөзгө ээ болгон адеп-ахлактык, интеллектуалдык эле эмес, керек болсо физикалык (дене түзүлүшү) идеалдарын өздөштүрүүсүн көздөйт деп баса белгилеген. Ушу көз караштагы социалдашууга берилген – «коомдогу башка адамдар менен болгон байланыштарды канаатандыраарлык өнүктүрүү үчүн үй-бүлөдө жана коомдо келечекте зарыл болгон ролдорду жана жүрүм-турум эрежелерди өздөштүрүү», – деген дагы бир аныктамага токтоло кетсек. Экинчи пикирге ылайык социалдашуу процессинде адамдын өздүк активдүүлүгү баса белгиленет дагы, анда адам социалдык шартка жөн гана ыңгайланып тим болбостон, ал өзүнүн турмуштук абалын, өздүк шарттарын өзгөртүүгө далалат кылат. Бул жагдайда социалдашуу субъект-субъектик мамиле катары каралат. Мындай көз караштын негиз салуучулары катары америкалык окумуштуулар: Ч. Х. Кули У.И. Томас, Ф. Знанецкий жана Дж. Г. Мид эсептелет [6].

Социалдашуунун социологиялык аныктамаларынын ичинде символикалык интеракционизм теориясы өзгөчө орунду ээлейт. Бул теориянын негиздөөчүлөрдүн бири Ч. Кули адамдын «мендик» касиети анын жакынкы чөйрөдөгү (үй-бүлө, теңтуштар, кошуналар) өз ара инсандык карым-катнашта, коммуникацияда (байланышта) зор социалдык мааниге ээ болот жана ошол чөйрөдө ачык көрүнөт деп белгилейт. Д. Г. Мид социалдык психологиянын эң негизги түшүнүгү катары индивиддер аралык карым-катнашты эсептейт. Бул көз карашка ылайык адам менен коомдун ортосунда жана ошол коомдо жашаган башка индивиддер арасында тыгыз байланыш, карым-катнаш бар деген пикир жатат. Карым-катнаш процесстеринин бирикмеси Миддин ою боюнча, коом жана социалдык индивидди түзөт. Бир жагынан алганда «мен» индивидинин иш-аракети жана реакциясы карым-катнаш системанын масштабына байланыштуу. Экинчи жагынан социалдык индивид коомдук өнүгүү жана кыймылынын булагы деп белгилеген [7].

Ушу жерден юелгилеп кете турган нерсе: азыркы коомдо жекечилик, индидуалдык сапаттарга басым жасалып, жеке ишкердике кеңири мүмкүнчүлүктөр ачылап жаткан шарттарда алардын социалдык жактан жоопкерчилиги маселесине жана анын социалдаштыруу процесстери менен тыгыз байланышта экендигине көңүл бурулбай келет. Азыркы тапта Кыргызстанда социалдык капиталдын жетишсиз экени өзгөчө байкалып жатат. Социалдык коргоо жана камсыздоо негизинен, мамлекет тарабынан камсызданып ишке ашууда. Социалдык коргоо чөйрөсүндө болсо, баарыбызга белгилүү болгондой, кысталыш абал бар. Эл жана коом алдындагы бизнес жоопкерчилигинин кыргызча моделинин куралышына кызыкдар болгон эң башкы тарап мамлекет болуп эсептелинүүдө. Социалдык кепилдиктердин туруктуу деңгээлин сактоо үчүн коомдук өнүгүүнүн активдүү стратегиясын калыптандыруу боюнча мамлекет менен коомдук уюмдардын, ишкерлердин аракеттерин бириктирүү зарылчылыгы бар. Ишкердиктин өзүнүн конкуренцияга жөндөмдүүлүгү жана өнүмдүүлүгү так ушул аракеттерге байланыштуу болууда. Эгерде ишкердик социалдык коргоо чөйрөсүндөгү улам көбөйүп бараткан проблемаларды чечүү жоопкерчилигинин бир бөлүгүн өзүнө албаса анда, практика көрсөткөндөй, өзү биринчилерден болуп ошолордун курмандыгына айланышы мүмкүн.

Ошентип, коомдук өнүгүүнүн азыркы шартында ишкердиктин коомдук кайра өндүрүүгө, социалдаштыруу процесстерине тийгизген таасири, адамдык ресурстарды өнүктүрүүгө, социалдык капиталды калыптандыруу сыяктуу маселелер мурда болуп көрбөгөндөй кескин курчуду. Социалдык проблемаларды жаңыча концептуалдуу түшүнүүнүн жана чечүүнүн зарылчылдыгы байкалды. «Кайра куруудан» берки азыркы учурга чейинки өзгөрүүлөрдүн кыргыз коомуна тийгизген негативдүү натыйжалары гана эмес, жалпы эле дүйнөлүк коомчулуктагы социалдык коргоо маселесинин курчушу ишкердиктин социалдык жоопкерчилиги боюнча фундаменталдуу социалдык концепциялардын жаралышын, коомдук философиялык изилдөөнү, жаңыча аңдап түшүнүүнү жана баалоону талап кылууда.

Калкты социалдаштыруу, социалдык жактан коргоо системасын калыптандыруу маселеси өлкөбүздүн алдына жаңыча коюлуп, “социалдык жоопкерчилик, камкордук“ өзүнүн өнүгүүсүн таптакыр башка шартта уланта баштады. Өз алдынча өнүгүүнүн жана көз карандысыздыктын алгачкы жылдарында социалдык коргоону уюштуруу тармагында мурда болуп көрбөгөндөй кыйынчылыктар чыкты. Кыргызстанда социалдык жоопкерчиликти, камкордукту шартка жараша андан ары өнүктүрүүнүн концепциясы болгон жок. “Социалдык коргоо” деген түшүнүктүн өзү тар мааниде, жалаң мунжуларга, кары картаңдарга үйүнө барып жардам берген социалдык кызмат алкагында каралган.

Кыргыз Республикасында социалдык саясатты реформалоого чет элдик уюмдар да салым кошту. Алар консультация социалдык долбоорлорду жана программаларды каржылоо, адистерди окутуп үйрөтүүнү уюштуруу, кризистик борборлорду ж.б. түзүү түрүндөгү жардамдарын сунуш кылышты. Көп сандаган билим берүү программаларынын чегинде социалдык коргоо тармагындагы адистер социалдык иштин дүйнөдөгү эң мыкты тажрыйбалары жана моделдери менен таанышууга мүмкүнчүлүк алышты. Кыргыз Республикасы өкмөтүнүн жана Швеция өкмөтүнүн ортосундагы Атайын келишимге ылайык “2004-2010-жылдары Кыргыз Республикасында тобокелчил топтогу балдардын арасында социалдык иштү өнүктүрүү жана окутуу” долбоору ийгиликтүү аяктады. Ал Кыргызстанда балдар укугу боюнча, Мамлекеттик “жаңы муун “ программасы ишке ашыруунун жолунун бири болуп калды. Долбоорду ишке ашыруу Кыргызстандагы балдар менен иш жүргүзүүнү өнүктүрүүгө баа жеткис жардам көрсөттү.

Ошентип, эгемендүүлүктүн биринчи жылдарында Кыргызстан татаал процесстерди башынан өткөрдү жана элдин социалдык экономикалык абалын жакшыртууга өзгөчө муктаж болду. Ошол учурдагы социалдык дестабилизация процесстеринин күчөшү өлкөбүздүн окумуштууларынын көңүлүн бурган обьектке айланды. Алар социалдык өнүгүүнүн актуалдуу проблемаларын, социалдык кубулуштардын негативдүү себептерин жана өлкө калкынын социалдык абалын жакшыртуунун жолдорун акыл элегинен өткөрүштү. Маселен, Б. Солтоноевдин кыргыз коомунун социалдык структурасы жөнүндөгү эмгектерин талдап келип, А. Какеев мындай деген жыйынтык чыгарат: байлык, байыркы кыргыздардын дүйнө кабыл алымында, бир жагынан, индивид статусунун негизи, экинчи жагынан – анын таасирин бекемдеген мааниси да бар болгон. Бирок, ага ашыкча маани берилген эмес, байлык коомдо тең бөлүнүшү, кыргыз коомундагы бардык мүчөлөрдүн кызыкчылыгы эске алынышы зарыл болгон. Социалдык байланыш формаларын талдап келип, ал байлыктын социалдык мамилелерди өнүктүрүүдө кандай роль ойноруна көңүл бурат [8].

Р.А.Ачылованын теориялык ой жүгүртүүлөрү Кыргызстанда үй – бүлөлөр жана балдарды коргоодо социалдык жоопкерчиликти өнүктүрүүгө түрткү берет десек аша чапкандык болбойт. Окумуштуу гендердик тенчилдик, балдар менен аялдардын коомдогу абалы, алардын социалдык укугун коргоо сыяктуу олуттуу маселелерди көтөрүп чыкты. Анын көңүлүн бурган дагы бир орчундуу проблема – бул социалдык иштин түйүндүү проблемасы катарындагы кедейчилик маселеси. Ачылова ошол кедейчилик маселесин чечүүнүн үч жолун бөлүп көрсөтөт. Булар - эмгек, активдүүлүк жана аракеттенүү [1].

Жалпысынан, кыргыз окумуштууларынын эмгектерин анализге алуу менен азыркы коомубуздагы социалдык абалды, коомдук камкордук көрүү системасын иликтөө абдан зарыл деген негизги бир бүтүмдү чыгарсак болот. Ошону менен катар эле дагы бир айта турган эң орчундуу жагдай азыркы шартта мамлекеттин функциялары чектелип, жеке ишкерлердин ишмердүүлүгүнө жол ачылып турган системада ишкердиктин коом астындагы жоопкерчилиги, социалдаштыруу процесстериндеги ролу маселеси абдан актуалдуулугу. Билим берүү, ден соолуктуу сактоо институттары мамлекет тарабынан жеткиликтүү каржыланбай келет. Эгерде, курчуп келе жаткан социалдык проблемаларды чечүүдө бизнес коомдук жоопкерчиликтин бир бөлүгүн өзүнө албаса, кыргыз социумунда практика көргөзгөндөй, анын өзү коомдук катаклизмдин биринчи курмандыгы болот. Коом өзгөрүп жаткан өткөөл доордо бизнес өзүнүн коомдук жоопкерчилигин сезип, талапка жараша

ушул багытта иш алып баруусу жана бул иштин натыйжалуу уюштуруулусу учурдагы эң зарыл коомдук маселелердин бири.

**Пайдаланылган адабияттар**

1. Ачылова, Р.А. Причины и особенности бедности в Кыргызстане: поиск путей выхода / Р.А. Ачылова // Өлкөлөрдөгү жакырчылык проблемалары боюнча субрегионалдык семинарындагы докл. – Бишкек, 1996. – 15-16 б.

2. Исаев, К.И. Кыргыз социологиясы: калыптанышы жана өнүгүшү / К.И. Исаев. – Бишкек: БМУ, 2010. – 217 б.

3. Поликанова Е.П. Социализация личности / Е.П. Поликанова. // Философия и общество. – 2003. – №2. – С. 84.

4. Западно-европейская социология 19 века: О. Конт. – М.: МУБиУ, 1996. – С. 220.

5. Американская социологическая мысль: тексты / Под редакцией В.И.Добренькова. – М.: МГУ, 1996. – 496 с.

6. Трошкин, Е.И. История социологии / Е.И. Трошкин. – Челябинск:ЮУрГУ, 2006. – С. 69–70.

7. Осипов, Г.В. Социологический энциклопедический словарь / Г.В. Осипов – М.: НОРМА, 2000. – С. 328.

8. Какеев, А.Ч. Философская мысль в Кыргызстане: поиски и проблемы [Текст] / А.Ч. Какеев. – Бишкек: КСИ им. К.И. Скрябина, 1995. – 166 с.